**Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектебинин Mercy Corps (Мерсико) эл аралык гуманитардык уюму менен болгон кызматташтыгы.**

Mercy Corps (Мерсико) уюуму Кыргызстанда 1994-жылдан бери иштеп келе жаткан эл аралык гуманитардык уюм. АКШ Айыл чарба Департаменти (USDA) каржылаган балдардын тамактануусу жана билим алуусу боюнча Маговерн-Доулдун Эл аралык Азык түлүк программасы менен 2018-жылдын апрель айынан баштап Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби кызматташып келет. Башында Айыл өкмөтү тарабынан 440 миң акча каражаты бөлүнүп Mercy Corps (Мерсико) уюму тарабынан 330 миң 264 сомдук ашканага керектүү заманбап технологиялар жана муздаткыч жабдуулары орнотулду. Ошондой эле азык түлүк прадуктусу менен быйылкы окуу жылы менен төртүнчү жыл камсыз кылып келе жатат. Бүгүнку күндө ашкана толугу менен капиталдык ремонттон өтуп, мектептин башталгыч класстын окуучулары 5 күн ысык тамак менен камсыздалган. Дүйшөмбү күнү окуучуларга сүттөн жасалган ботко, ал эми калган күндөрү ысык тамак берилет. Ысык тамак үчүн Мерсико уюму тарабынан атайын эсептелинген өлчөмдө күрүч, өсүмдүк майы, байытылган ун жана буурчак пайдаланылат. Мамлекет тарабынан ысык тамак үчүн бөлүнгөн жана ата-энелердин кошумча каражаттарынын эсебинен эт,картошка, сабиз, жумуртка сыяктуу кошумча керектөөлөр да колдонулат. Аталган азыктардын жардамы менен түрдүү тамактар жасалып, окуучуларыбыздын сабактарга катышуу активдүүлүгү жогорулады деп эсептейбиз. Айта кетсек, байытылган ундан күнүгө ысык нан жана булочкалар, күрүч данынан эт кошулуп палоо, күрүч шорпосу, буурчактан пюре, буурчак шорпосу жасалып жатат. Mercy Corps (Мерсико) уюму ашкана ашпозчулары үчүн колдонмолорду, меню түзүү боюнча технологиялык карталарды жана 100 дөн ашык тамактын рецептерин, иш кагаздарын алып баруу нускамаларын да берип, мектеп ашпозчусу атайын окуудан өтүп, сертификатка ээ болду. Окуучуларыбыздын мектептеги тамактануусу менен бирге эле аң-сезими, ой жүгүртүүсү, дене боюнун өсүшү жакшырып жатат деген ишеничтебиз, себеби жаш балдар үчүн ата-энелер да, мамлекет да, дүйнө коомчулугу да кам көрөөрүн иш жүзүндө көрүп, келечекте жоопкерчиликтүү, кайрымдуу инсан болууга жакшы шарт түзүлүүдө. Мындан тышкары Mercy Corps (Мерсико) уюму башталгыч класстын окуучуларын ар кандай түстүү сүрөттөрү менен бирге журнал, аңгеме, жомок китептер менен камсыз кылган, бүгүнкү күндө ар бир башталгыч классынын кабинеттеринде китеп бурчтары уюштурулган. Башталгыч классынын мугалимдери да Мерсико уюштурган ар кандай окууларга, конкурстарга катышып, мактоо баракчалары менен сыйланып келүүдө.